В связи с тем, что трансформация к модели исследовательского университета как к одной из модели университета будущего ставит во главу угла научно-исследовательскую активность, коммерциализацию конечного исследовательского продукта, в ОшГУ разработана дорожная карта, предусматривающая конкретные шаги по повышению уровня научного потенциала университета, увеличению цитируемости научных статей, инвестированию в научные и инновационные методы, привлечению крупных научных сообществ.

### Реализация вышеперечисленных научных коллабораций приведет к ожидаемым результатам:

- получать доходы в виде средств от образовательной, консультативной, научно-исследовательской, издательской, производственно-коммерческой и другой, не запрещенной законодательством деятельности, и направлять их на улучшение деятельности и развитие материально-технической базы университета;
- гарантировать стабильно высокий уровень высшего профессионального образования, соответствующий мировым стандартам, на основе эффективного использования научно-педагогического потенциала, учебно-материальной базы и инновационных образовательных технологий;
- обеспечивать максимальные условия для образовательного, нравственного, культурного и интеллектуального развития каждой личности студента, преподавателя и сотрудника вуза с сохранением национальных и общечеловеческих ценностей;
- осуществлять систематический мониторинг развития образования, науки, техники и технологий в мировом научно-образовательном пространстве и с учетом этого вносить предложения в действующую систему образования страны.

Жесткая конкуренция вынуждает университеты, как и любые другие институты и производства, быть гибкими в способах организации образовательного пространства, ориентироваться в своем развитии на потребности рынка и экономики страны. Реформирование новой системы образования только началось и еще не успело дать каких-либо существенных результатов.

В нынешних условиях роль Ошского государственного университета в региональном и национальном развитии видится в следующем: упрочение региональной и национальной безопасности; развитие человеческого потенциала региона и всей страны; сохранение духовных ценностей и культурных традиций кыргызского народа путем формирования социокультурных и профессиональных компетенций выпускников, способных обеспечивать интеллектуальные и инновационные потребности как города, региона, так и страны в целом.

В связи с этим нам необходимо решить системные задачи: насыщение высокотехнологичных секторов экономики и социальной сферы инновационными разработками и кадрами новой формации; обеспечение системы здравоохранения страны новейшими разработками, методами и средствами диагностики и лечения на базе университетских медицинских клиник; выявление рисков и разработка механизмов их минимизации в социально-экономической, финансовой, политической, экологической и культурной сферах.

Сегодня ОшГУ как один из старейших университетов страны, но и крупный, динамично развивающийся университетский комплекс, обладающий серьезным образовательным, научно-исследовательским и инновационным потенциалом, вобравший в себя вековой опыт и традиции отечественных и собственных научных школ, и широко вовлеченный в международное образовательное и научное пространство, находится на пути реструктуризации классического образования.

Равняясь на достижения передовых университетов мира, сегодня мы ставим перед собой новые амбициозные задачи и стремимся к прорывным результатам.

Мы открыты, доступны и мы развиваемся».

**Редактор публикации
Бакыт Оморкулов**

# Ибраим агайдан дидактикалык кеңештер



*(башталышы мурдагы санда)*

## Жыйырма баланы кыска убакыттын ичинде англис тилинде сүйлөтүү аракетибиз уланууда:

1. Дем алыш күндөрү балдар бизди сагынып калыптыр. Өткөн аптадагы бардык үйрөнгөн жаңы сөздөрүн, диалогдорун кубануу менен айтып беришти. Бизде баланы доскага чыгарып алып сурамай жок. Биз өзүбүз ар бир баланын жанына барып, ар бирине бирдей убакыт бөлүү менен сүйлөтүп жатабыз.

2. Куурчак театрында каармандарыбыз пикачу менен коёнек балдарга англис тилинде сүйлөп, ырдап берди жана ар бир бала менен бир-бирден ойноп, диалог курду. Кээ бирлери менен кубалашмай, жашынмак да ойноду.

3. Тил үйрөтүүдө балдарга убактысын кызыктуу өткөрүүгө шарт жана англис тилинде сүйлөшүүгө муктаждык гана түзүп жатабыз. Бүгүн бир окуучу кызыбыз жардамчым экөөбүздөн "өзүм тарткан сүрөттү үйгө алып кетип, апама көргөзүп келсем болобу?" деген суроосун түшүнмөксөн болуп койдук. Say in English, please же англис тилинде сура деп туруп алдык. Балдардын баары билген сөздөрү, ишааараттары менен түшүндүрүүгө аракет кылышты. Такыр түшүнбөй койдук. Дагы бир окуучу кызыбыз "менин хоббим сууда сүзүү" дегенди айткысы келип, колу менен чабак ургандай аракетти көрсөтүп атып, бизден swimming деген жаңы сөз үйрөнүп кетти.

3. Пикачу балдарга адаттагыдай сүрөт тарттырып жаткан маалда, коёнек ар бирине ооз, мурун, көз, баш, чач, кол, бут, кулак деген сөздөрдү жаттатып кетти. Бүгүн билинбегени менен көп сөз үйрөнүп алышты. Келерки сабактарда тамак-аш тууралуу сөздөрдү окутабыз. Чет тилди окууда эне тилдеги эң алгачкы, эң керектүү сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү үйрөтүү өтө маанилүү. "Апа, нана жейм" дегенден баштоо керек, башкача айтканда адам баласынын эң биринчи муктаждыктарын сөз менен жеткирүүдөн баштоо зарыл.

4. Акыл карачач жардамчым бүгүн классыбыздагы бир аябай жоош жана уялчаак кыздын жөндөмүн ойготту. Кантип? Бул кыз башкалардай болуп сүйлөбөйт да, күлбөйт да, ары-бери чуркабайт да экен. Эмоциясын ичине катып, унчукпай олтура берет экен. Биздин максатыбыз - класстын баарын текши сүйлөтүү. Андыктан, бир аптадан бери жолун издедик. Анан бүгүн жардамчым анын жанына барып, кулагына: "Сен аябай акылдуу, сулуу жана таланттуу кыз экенсиң. Сен келечекте принцесса болосуң", деп шыбырап кетти. Ошондон кийин окуучу кызыбыз шыктанып, аябай ачылып сүйлөп, англисче диалогдордун баарын эң мыкты деңгээлде кайталап берди.

5. Англис тилин окуткан курстарга, окуу жайларга, дегеле тил үйрөтүү индустриясына сиздин ошол тилди болушунча көп убакытта үйрөнгөнүңүз пайдалуураак. Кыргызстандын шартында кээ бир мектептер 11 жыл англисче окутуп, бирок балдар ошол тилди сүйлөбөй эле калып жатышат. Кээ бир университеттерде чет тили факультетинде окугандар деле чет тилин билишпейт. Неге? Себеби жөнөкөй - муктаждык жок. Бүгүн уулум сабактан келсем өзү эле картөшкө аарчып, туурап, казанга салып, анын үстүнө болгон майдын баарын куюп коюптур. Ага эч ким тамак жасаганды үйрөн деп айткан жок. Өзү муктаждыктан улам ушинтти. Чет тили дагы ушундай. Окуйм деген адам өзү аракет кылышы керек. Биз окуучуларыбызга муктаждыкты түзүп берип жатабыз.

P.S. Бишкектеги жеке менчик мектептердин биринде 3-класстын жыйырма окуучусун англис тилинде сүйлөтүү боюнча пилоттук долбоорубуз ийгиликтүү өтүүдө. Ойлогон максатыбызга жетсек, бул методду бардык каалоочу мектептерге таратмакчыбыз. Рахмат!

## Жыйырма окуучуга үч айдын ичинде англис тилин үйрөтүү аракетибиз азырынча ийгиликтүү. Бүгүнкү байкоолорубуз төмөнкүдөй:

1. Эң чоң табылгабыз - куурчак театры болууда. Жардамчым экөөбүз сабактын башында эле буга чейин өтүлгөн бардык темалар боюнча диалогду образдуу кылып, ар түрдүү эмоция, интонациялар менен айтып бердик. Балдардын чоңдордон айырмасы ушул экен - сүйлөмдөрдү дароо эстеп калышат экен. Андан соң дароо пикачу жана коёнек куурчактарды колубузга кармап алып, ар бир бала менен экөөбүз эки сыйрадан диалогдорду ойноп чыктык. Өткөн аптадан бери ооруп келе албай жүргөн окуучубузга көбүрөөк көңүл буруп, ажырымды азайттык. Айтмакчы, бүгүн бизге дагы бир оюнчук - кара мышык кошулду.

2. Кечээ мен теннисте жүрүп, сабакка келе албай калганда акыл карачач жардамчым сабакты түшүндүрмөккө балдар менен кыргыз тилинде сүйлөшүп салыптыр. Кээде эне тилинде деле бир сыйра түшүндүрмө берип коюу абдан пайдалуу экенин аныктадык. Бүгүн кайра толук англис тилине өттүк. Жакшы кабыл алышты. Балдар ролго киргенди үйрөнүштү. Бүгүн бири-бири менен англисче сүйлөшүүгө аракет кылган эки-үч окуучунун аракетин байкадык.

3. Сабактын ортосунда балдар менен жашынмак ойнодук. Оюндун шарты: биз сыртка чыгып турабыз, балдар класстын ичине жашынып, ар бирин бирден таап, англис тилинде диалог куруп бүтмөйүнчө бардыгы унчукпай турат. Эң акырында табылган окуучу жеңүүчү деп аталып, ал да ар бир классташына англис тилинде суроо берип, сүйлөштү.

4. Сабактын акырында балдарга буга чейин тарттырган сүрөттөрүн, папкаларын таратып бердик. Алар өз эмгектерин үйүнө алып кетип, буга чейин үйрөнгөн англис тилиндеги суроо-жоопторду ата-энелери менен көнүкмөй болушту. Бишкекте англис тилинде сүйлөбөгөн өлкөлөр - КМШ деген өлкөлөрдүн жыйыны болуп, балдар эки күн окууга келишпейт экен. Онлайн окушат экен. Биз ушул эки күндө ата-энеңерге англисче үйрөтүп келгиле деген тапшырма бердик.

P.S. Биздин пилоттук долбоорубуз ийгиликтүү аяктаса, бардык мектептерге жайылтмакчыбыз. Ийгилик болсун!

## Кыска убакыттын ичинде 20 окуучуга англис тилин үйрөтүү аракетибиз уланууда.

1. Бүгүн сабактын көбүрөөк бөлүгүн англисче диалогдорду кайталоого жумшадык. Балдарды топтоп алып, бирден, экиден бөлүп алып кайталоо ыкмасын колдондук. Андан соң жардамчым эстафета-жарыш кайталоо ыкмасын да ойлонуп келиптир. Ага ылайык окуучуларды эки топко бөлдүк. Ар бир топ кадимки эстафета оюну сыяктуу класстын аркы башынан чуркап келип, ар бир бала англисче суроолорго тез-тез жооп берип, кайра чуркап кетет. Кимдин тобу экинчи айлампага чейин сөздөрдү бат-бат айтып бүтүрсө, ошолор жеңет. Бүгүн жардамчымдын командасы жеңди.

2. Балдар менен буга чейин окуган диалогдорду сүйлөшүп жатканда, аларга билгизбей улам жаңы бир сөздөрдү колдонуп жаттык. Бул алардын кулагын келечектеги сүйлөшмөлөргө көндүрө берүү максатын көздөйт. Бүгүнкү сабакта да жардамчым экөөбүз балдардын көзүнчө өз ара англисче сүйлөшүп койдук. Бирок, бул жолу биз куурчак театрын алып чыккан жокпуз. Балдар куурчактарын сагынсын дедик.

4. Жаңы теманы бүгүн жаңы сөздөн эмес, жаңы сүрөттөн баштадык. Алдыларына бирден ак кагаз, түстүү калем коюп берип, "тарткыла" деп гана койдук. Балдардын баары бүгүн жакшы көргөн тамактарын тартышты. Ошого байланыштуу жаңы теманы да балдар өздөрү тапты: Жакшы көргөн тамагың кайсыл? деген суроону ар бир балага узатып, англис тилинде жоопторун угуп жаттык. "Чипсы, бургер, айскрим, кола" - баары эле ансыз деле англис тилинде экен. Бир таң калган жерибиз балдардын баары эле туура эмес тамактанат экен.

5. Англис тилин окутуунун негизги эрежеси - эрежелерди түшүндүрбөө, балдарды жөн гана сүйлөтүү болуп жатат. Бүгүн эле башка бир мектепте бир орус класска кыргыз тилин окутуу сабагына күбө болдум. Мугалим доскага числону, класс иши, анан көнүгүүнүн номурун жазды. Темасы "Ат атоочтун түрлөрү" болду. Андан ары балдар жактама, шилтеме, сурама, тангыч, аныктама жана белгисиз ат атоочтор тууралуу жазышты. Бир орус бала ордунан туруп: "я не понимаю что такое ат атооч", - деди эле, эжеке: "Что тут непонятного? Это тебе не садик! Если не понимаешь учись, читай дома!" - деп, кайра олтургузуп койду. Бизде англис тили да, орус тили да дал ушундай ыкмалар менен окутулат. Биздин оюбузча балдар мектепте тил илимин же лингвистиканы эмес, эне тилинде же чет тилинде эркин сүйлөгөндү, түшүнгөндү жана ой жүгүрткөндү гана үйрөнүшү керек. Ошентип, биздин англис тилин үйрөтүү ыкмабыздын эң негизги эрежеси - балдарга туура эрежелерди эмес, туура сүйлөгөндү үйрөтүү.

P.S. 80 күндүн ичинде англис тилинде сүйлөтүү боюнча пилоттук долбоорубуз ийгиликтүү ишке ашса, анда биздин методду башка мектептерге дагы жайылтмакчыбыз. ФБ досторубуздан да кызыктуу идея, сунуштарыңыздар болсо күтөбүз. Ушул жерге жазып коюңуздар. Рахмат!

## Англис тилин кыска убакыттын ичинде өздөштүрүү боюнча бүгүнкү тажрыйбабыз төмөнкүдөй болду.

1. Балдарга тамак-аш темасын, ага байланыштуу жаңы сөздөр менен диалогдорду курууну улантуудабыз. Бүгүн биздин куурчак каармандар - пикачу, коёнек жана кара мышык ар бир бала менен буга чейинки бардык темаларды кайталап чыгышты. Андан соң жашылчалар жана мөмө-жемиштер боюнча аңгеме курдук. Жардамчым балдарга ким эң көп сандагы жашылча же мөмө жемишти англис тилинде атап бере алат? деген суроо салды. Эйпл, банана, киви, строубери, орэйнж, пайнэйпл деген мөмөлөр, кэббейж, анион, кэррот, потейтоу, томатоу деген жашылчалар эң көп айтылды. Бул сөздөрдү балдар өздөрү тапты. Биз жөн гана коштоп, колдоп турдук. Анан мөмөлөрдүн аталышы боюнча жарыш уюштурдук. Жардамчым ар бир баладан сурады, баары 5-6дан сөздөрдү айтышып, мыкты деген бааларга татышты. Мен дагы балдардын катарына олтуруп, ошол жарышка катышканым балдарга аябай кызыктуу болду.

2. Телевизордон мөмө-жемиштер тууралуу англис тилинде ыр коюп бердик. Анан ошол ырды он минуттай баарыбыз чогуу ырдадык. Андан соң баарыбыз ордубуздан туруп, мөмө-жемиштер боюнча ырдын коштоосунда бийледик . Эң акырында ар биринин алдына актай барак, түстүү калем коюп берип, өздөрү жактырган мөмө-жемиштеринин сүрөтүн тартууга тапшырма бердик. Балдар кызыгуу менен тартышты. Сүрөттөрдүн жанына англисче сөздөрдү өздөрү кандай укса, ошондой жазып жатышты. Биз оңдогон жокпуз. Биздин биринчи максатыбыз - туура сүйлөөгө жетишүү, андан кийинки этапта гана туура жазууга өтмөкчүбүз.

3. Биздин сабактардын таасирин ата-энелер сезишин каалап жатабыз. Ага ылайык, балдар өздөрү эле үйдө англис тилинде сүйлөгүлөрү келип, ата-энелеринен жардам сурай баштасын деп жатабыз. Буйруса, ийгиликтин алгачкы белгилери бар. Бүгүн бир окуучубузга апасы англис тилин окуу боюнча үч чакан китеп салып бериптир. Ал эми эң негизгиси, ошол балабыз үйдөн тапшырмалардын баарын өзү эле кызыгып аткарып келиптир. Бул окуучубуз биздин сабакка башкалардан беш минутка эртерээк келип алганы дагы бизди кубантты.

P.S. Бишкектеги жеке менчик мектептердин биринде 3-класстын 20 окуучусуна 80 күндүн ичинде англис тилин үйрөтүү боюнча пилоттук долбоорубуздун максаты - мектептерге тил үйрөтүү боюнча жаңы, тилге балдардын өздөрүн кызыктыруу ыкмасын жайылтуу болуп саналат. Ийгилик болсун!

**Ибраим Нуракун уулу,**
**Медиа устат, журналист, педагог**

*(уландысы кийинки санда)*

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# ИЙГИЛИКТҮҮ жана ИЙГИЛИКСИЗ МУГАЛИМ

Окумуштуулардын изилдөөлөрүнө караганда, мугалимдик кызматта ийгиликсиз болуунун себептери жана жыйынтыктары төмөнкүдөй аныкталган. Төмөндө ийгиликсиз мугалимдин сапаттарын тизмектейбиз:



- Окутуу техникаларын жакшы колдоно албагандык;
- Класстын ичинде тартипти сактайт албагандык;
- Окуткан сабакты жетиштүү деңгээлде билбегендик;
- Зээндүүлүгүн туура колдоно албагандык;
- Ийгилик үчүн аракеттин жоктугу;
- Өз каалоосун жана идеяларын колдоно албагандык;
- Сезимталдыктан куру жалак болуу;
- Физикалык жактан чыдамдуу эместик;
- Окуу методдору стандарттарга туура келбегендик;
- Туруксуздук. Башталган ишти соңуна чыгара албагандык;
- Татынакай болууга маани бербегендик;
- Көйгөйлүү өтмүшүнүн болушу;
- Окуучуларды жетиштүү деңгээлде таанывагандык жана алардын жөндөмдүүлүктөрү жөнүндө кабарсыз болуу;
- Окуучулар жөнүндө маалыматтын жоктугу;
- Адамдык сапаттарынын толук калыптанбагандыгы;
- Коомдун адеп-ахлактык болуучулуктарына жетиштүү деңгээлде сый көрсөтө албагандык.

***Иликтөөнүн жыйынтыгына ылайык, билим берүү процессинде окуучуну тажаткан жана окууга шыктандырган көптөгөн сапаттар аныкталган. Алардын айрымдарына токтоло турган болсок, төмөнкүлөр:***

## Мугалимдин төмөнкү адаттары окуучуну тажатат:

1. Окуучуларга эч нерсе жасатпаса, баарын өзү жасай берсе;
2. Окуучулар эч нерсе түшүнбөйт деп эсептесе;
3. Окуучуларга өтө көп тапшырма жана көнүгүү берсе;
4. Класcты катуу тартипке салып, кызыл камчы болсо;
5. Сөздүн баарын өзү кайталап, чечимди да ар дайым өзү чыгарса;
6. Ар дайым өзү каалаган темаларды талкууласа;
7. "Туура чечимди" мен гана билем деп ойлосо;
8. Китеп менен гана чектелсе;
9. Өтө көп сүйлөсө;
10. Калп эле угуп жаткандай көрүнсө;
11. Өтө оңойдон же өтө кыйындан баштаса;
12. Түшүнүп-түшүнбөгөндөр менен иши болбосо;
13. Ар бир нерсени өзү үчүн, өзү каалагандай жасаса;
14. Бир темптеги үн менен сүйлөсө
15. Мугалим столунан эч жылбаса
16. Окуучунун каалоосун жана муктаждыгын көз жаздымда калтырса
17. Ар дайым абстрактуу нерселер аркылуу үйрөтүүгө аракет жасаса
18. Колдонгон ыкманы окуучулар түшүнүп жатат деп эсептесе
20. Эч токтобостон түшүндүрө берсе

Эгерде мугалим төмөнкүлөрдү аткарса, окуучу эч качан билим алуудан тажабайт:

Окуучуларга бир нерсе менен алек болуусуна шарт түзсө;

Окуучуларга билгендерин айттырып, башкалар менен өз оюн бөлүшүүсүнө шарт түзсө;

3. Окуучуларга түшүнүктүү жана тажатпаган тапшырмаларды берсе;
4. Окуучуларга чеги менен өздөрүн эркин сезүүлөрүнө жол берсе;
5. Окуучулар мурда көрбөгөн ар түрдүү ыкмаларды колдонуп, аларды таң калтырса;
6. Талкууланууучу темалардын кызыктуу жана маанилүүлөрүн окуучулар менен бирге тандаса;
7. Окуучулардын ой-пикири суралса;
8. Сабакка даярданууда кошумча булактардан пайдаланса;
9. Окуучуларга өз пикирин эркин айтууга жол берсе;
10. Окуучулардын оюн, жоопторун чын дилден көңүл буруп укса;
11. Сабакты кызыктуу, жеңил темадан баштаса;
12. Сабакты окуучу канчалык деңгээлде түшүнгөнүн анализдеп турса;
13. Окуучуга багыт берип, жол көрсөтүп, кээде алардан да жакшы идеяларды үйрөнүп турса;
14. Класстын бардык жеринде эркин басып, кээде окуучулардын да эркин кыймыл-аракетине жол берсе;
15. Жандуу жана шаңдуу үн менен сүйлөсө;
16. Темага же ар кандай иш-чараны баштаардан мурун окуучулардын да пикирин сураса;
17. Кайсы багытта маалымат бере турган болсо, ошол багытта чыныгы жашоодон алынган мисалдар, окуялар менен түшүндүрсө;
18. Окуучуларга эмнени, эмне үчүн жасап жаткандыгын ынандыра алса;
19. Кээде актер катары кызыктуу мимика-жесттерди колдоно билсе;
20. Кээде тыныгуу жасап, өтүлгөн теманы окуучулар анализдеп кабыл алуусуна убакыт берсе.

# КЛАССТЫ ТУУРА БАШКАРУУНУН УСУЛУ

### Сабактан мурда:

* Сабагыңызга мыкты даярдыкта болуңуз. Ар бир нерсени даана жана так пландаңыз;
* Сабакты ар түрдүү ыкма жана оюн-зооктор менен кооздоңуз;
* Пландалган программаңыз окуучунун даражасына туура келерине көңүл буруңуз;
* Кабыл алуусу бат окуучулар үчүн да, жай окуучулар үчүн да кошумча материалдарыңыз белен болсун.
* Сабактан мурда колдоно турган материалдарды даярдап алыңыз (бор, өчүргүч, маркер, компьютер, журнал ж.б);
* Эгер мүмкүнчүлүк болсо, сабактан мурун класстын тазалыгына жана абалына бир көз чаптырып коюңуз;
* Класстын сабакка даяр болуп-болбогонун текшериңиз;
* Тажрыйбалуу мугалимдерден сабагыңыз тууралуу ой-пикирлерин сураңыз.

### Сабак баштарда:

* Класска окуучулардан мурда кириңиз;
* Окуучулардын класска киргүсүн текшериңиз;
* Сабакты баштардан мурун окуучуларды өз ордуларына отуруусуна шарт түзүңүз.
* Окуучулардын көңүлүн сабакка буруңуз;
* Окуучулар менен саламдашыңыз;
* Сабакка кечигүүлөр тууралуу болгон иштерди батыраак бүтүрүңүз;
* Түшүндүрүлө турган теманын планын доскага жазыңыз;
* Тапшырма берилген болсо текшериңиз.

### Сабак учурунда:

* Окуучулардын аттарын жаттап алыңыз жана аларга ысымы менен кайрылыңыз. Себеби эң сонун сөз ар бир адамдын өз аты болуп саналат;
* Талаптарыңызды, же эрежелериңизди даана жана так айтыңыз;
* Окуучулар менен сүйлөшүп жатканда жүзүнө караңыз;
* Бүтүндөй класс көз алдыңызда болсун. Ар бир булуң-бурчта эмне болуп жатканынан кабардар болуңуз;
* Теманы түшүндүрүп жатып, көңүл буруунун жана мотивациянын жеткиликтүүлүгүн окуучулардын кыймыл-аракетине карап баамдай билиңиз. Берилген маалыматтар окуучуларга канчалык деңгээлде түшүнүктүү болуп атат? Окуучулардын жести жана мимикалары кандай өзгөрүүдө? Буларды так, даана талдай алсаңыз, көңүл буруунун жана мотивациянын даражасын биле аласыз.
* Сабакка көңүл бурбаган окуучуну төмөнкүдөй сапаттарынан билсе болот:
  - Көз карашы;
  - Кол жазманын ийри-буйру болушу;
  - Саатына карашы;
  - Кээ бир нерсе, же достору менен алек болушу;
  - Отурган абалы;
  - Суроолору;
  - Уктоосу;
* Теманы жана көнүгүүлөрдү окуучунун көңүл буруу мөөнөтүнөн ашпай тургандай кылып колдонуңуз;
* Танаписке убактысында чыгарыңыз. Окуучулардын көңүл буруусу басаңдап бара жатканда окуучуларды эс алдырыңыз. Ал үчүн репертуарыңызда эң аз дегенде 30 кызыктуу анекдот, же кыска аңгемеңиз даяр болсун;
* Дайыма эле сиз сүйлөбөңүз, окуучуларыңыздын да активдүү катышуусуна шарт түзүңүз.

### Кыймыл-аракетиңиз:

* Класска аркаңызды салбаңыз;
* Кыймылда болуңуз. Класстын алдында гана турбастан, бардык жерди айланып кыймылда болуңуз;
* Окуучуларды эс алдыруу үчүн өткөргөн оюн же көнүгүүдөн кийин кайра сабакка кайтууда башаламандык болуусуна жол бербеңиз;
* Окуучулар теманы канчалык түшүндү? Муну билиш үчүн окуучуларга бат-бат суроолорду берип, кээде мурдагы темалардын маанилүү жерлеринен да суроо узатыңыз;
* Жест менен мимикаларыңыз түшүндүргөн темага туура келип, өз орду менен колдонулсун;
* Суроолоруңузду көбүнчө сабакка көңүлүн бура албай жаткан окуучуларга бериңиз;
* Бирок, суроолор жазалоо үчүн эмес, окуучунун көңүлүн өзүңүзгө буруу үчүн гана колдонулсун. Эгерде жогорку класстын мугалими "жазалоочу мамилени" колдоно турган болсо, бир гана душмандан башка эч нерсе таппайт. Ошондуктан, суроолорду жалпы класстан сураңыз;
* Окуучуну мактоону да унутпаныз;
* Окуучуга колдоо көрсөтүп, аларга жардам бериңиз.

### Көйгөй жаралганда:

Проблема жаралганда көп күтпөстөн эмне жасалыш керек болсо ошондой аракет кылыңыз. Бир аңгеме окуп берип, мурунтан бери байкап жүргөн маселени класстын ичинде жалпы ортого салып сүйлөшүңүз же болбосо окуучулардын көңүлүн бурат деп ишенген башка ыкманы колдонуңуз.

* Окуучулар сабак учурунда сизди укпай бараткаңынын себебин иликтеңиз.
* Окуучулар менен өзүңүз жеңилип калчу талаш-тартышка эч качан кирбеңиз.
* Иштин ким тарабынан аткарылганына эмес, кандай мамиле менен жасалганына көңүл буруңуз.
* Өзүңүзгө тиешелүү эрежелериңиз же принциптериңиз болсун жана булардын аткарылышын талап кылыңыз.
* Керектүү учурда жаза берүүгө да чечкиндүү болуңуз, бирок жазаларыңыз физикалык жактан да, моралдык жактан да окуучунун абройуна шек кетирбей турган болуш керек.

### Сабактын аягында:

* Сабакты бүтүрбөй туруп окуучулардын даярдоосуна убакыт бериңиз.
* Окуучулардын класстан чыгуусуна уруксат берүүдөн мурун класcты кандай абалда калтырып кетип жатканына көз жүгүртүңүз.
* Окуучулардын класстан чыгуусуна уруксат берүүдөн мурун класста тынчтык жана тартиптин сакталышына көңүл буруңуз.

### Сабактан кийин:

Сабагыңыздын кандай өткөндүгү жөнүндө анализ жазып, аны сабактын планын жазган барак менен бир жерге сактап коюңуз. Кетирген каталарыңызды жана кийинки сабакта оңдоого мүмкүн болгон кемчиликтериңизди башка жерге жазып алууну да унутпаңыз.

"Дидактика"
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити
Башкы редактор:
Тургунбай АЛДАКУЛОВ

Редакциялык кеңеш:
Н.Мапаева, Г.Жутанова, А.Батыралиев, Б.Оморкулов, М.Ниязалиев, З.Нуралиева, М.Осмонали кызы
Корректор: М.Турсунбекова
Фото кабарчы: Р.Максутов
Дизайнер:
Дуйшөнбек Бектемир уулу

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, "ММКны колдоо борбору" басмаканасында басылды.
КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

Банктагы реквизиттер:
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Нускасы: 1300 Буюртма №355

# Классты башкаруу боюнча 15 кеңеш



1) Алгач, чейректин башынан баштап эле класстагы тартиптин сакталышы жөнүндө окуучулар менен пикир алышыңыз. Өзүңүздүн даана жана так белгилеген тартип стандарттарыңыз болсун. Буга класстын ичинде жасоого мүмкүн болгон жана таптакыр мүмкүн болбогон кыймыл-аракеттер кирет. Бирок, эрежелер менен чечимдерди окуучулар менен биргелешип кабыл алганыңыз максаттуу болот. Туура деп билген эрежелериңизге окуучуларды көндүрүүнүн жол-ыкмасын иштеп чыгыңыз. Эгер эрежелердин аткарылышына көңүл кош мамиле жасасаңыз, окуучулар да дал өзүңүздөй мамиле жасашат. Ушул себептүү окуучулар эрежелерге маани бербей баштайт жана эрежеге баш ийүүнү да каалабайт. Окуучулар менен бирге эрежелерди даана жана так, бир-бирден санап өтүп, эрежелердин акыркы чектерин чогуу аныктаңыз. Мисал үчүн класска кирүү коңгуроосу болгондон кийин коридордо баспоо, мугалимди эшиктин алдында күтпөө, колу көтөрүп жооп берүү, көңүл оорута турган жана шылдыңдоо иретиндеги сөздөрдү колдонбоо сыяктуу эрежелерди окуучулар менен чогуу талдап, андан соң берене катары киргизүү туура болот.

2) чыр-чатак жарата турган абалдарды жана окуучуларды алдын ала тааныш билүү. Мугалимдер менен биргелешип көйгөй жарата турган окуучулар менен маектешип бирдиктүү чечимдерди кабыл алыңыз. Кабыл алган чечимдерди иш жүзүнө ашыруу үчүн алар менен биргелешип иш алып барыңыз.

3) Дисциплинаны жүргүзүүдө “жасаба! кылба!” деген сөздөрдүн ордуна, “жаса! аткар! жетиш! сенин колуңдан келет!” деген сөздөрдү алмаштыруу зарыл.

“Балам, ручканы ыргытпа, досторуң менен сүйлөшпө, бейбаштык кылба” деген сыяктуу сөздөрдөн алыс болуңуз. Эгер көңүл бурсаңыз булардын баары терс мааниде. Көпчүлүк адам баласынын табияты тыюу салынган нерселерге дагы да көбүрөөк кызыга тургандыгы аныкталган. Ошондуктан тыюу салууларга караганда жол көрсөтүүчү сүйлөмдөрдү колдонуңуз. Мисалы, “Балам, калемиңди таштанды чаканын ичине учта!” Бул ыкма менен айтылган сөздөр эч кандай терс кайша айтуу сыяктуу жооп алууга жол бербейт.

4) Өтүлүүчү сабактын темасы окуучуларды кызыктыра турган жана аларга пайдалуу боло тургандай болуш керек. Бул абал албетте сабагыңызга болгон кызыгууну арттырат.

5) Окуучунун үй-бүлөлүк абалынан да кабарыңыз болсун. Себеби, уруш-жаңжал болгон чөйрөдөн келген окуучу бул абалды класстын ичинде да көрсөтүшү ыктымал.

6) Класстын ичинде мугалим жана окуучунун биргелешип иштөөсүн талап кылган иш-чараларды пландаңыз. Биргелешип аткарылган жерде окуучунун проблема жаратуу ыктымалдуулугу азаят.

7) Окуучулардын дисциплина жөнүндө кабарлары болсун. “Оозуңду жап! сүйлөбө!” дегендин ордуна, окуучуларга эмне үчүн сүйлөшпөшү керектигин айтып түшүндүрүп, ыйнаным менен жакшы жүрүм-турумга көндүрүү керек.

8) Окуучунун сабак учурунда бош калышына жол бербеңиз. Сабак учурунда окуучуга алек болуу үчүн тапшырма берилбесе, анда анын класстын ичинде көйгөй жаратуу ыктымалдуулугу жогору болот. Эгер окуучунун жасай турган эч нерсеси жок болсо гана достору менен сүйлөшүп, бейбаштык жана тентектиктерди жасай баштайт.

9) Сабак өтүп жатканда ар түрдүү метод менен техникаларды колдонуңуз. Эгер окуучулардын көңүлүн сабакка бура алсаңыз, анда сиз дисциплина көйгөйүн алдын алган болосуз. Окуучулар бир нерсе менен алектенгенде гана бат чарчашат. Ошондуктан, кээде сабак өтүү методун, кээде техникасын өзгөртүп турууңуздун пайдасы бар. Сабак өтүүдө ар түрдүү материалдарды да колдонууну четке какпаңыз.

10) Окуучулардын жекече адамдык сапаттарына да сый мамиледе болуңуз. Эч ким өз аброюна шек келтиришин каалабагандыктан мындай мамиле да дисциплина көйгөйүн алдын алат.

11) Жөнөкөй нерселерди көбүртүп-жабыртып проблема жаратпаңыз. Кээ бир майда терс жоруктарды талкууга жеткирбей эле мимикалар менен чектеп коюу жакшыраак. Себеби, кичинекей көйгөйдү көбүртүп-жабыртып айтуу менен чоң көйгөйгө айландырып алуу коркунучу бар. Өзгөчө кичинекей жаңылыштыгы үчүн улам айыптала берген кишиден жакшы адам чыгышы кыйын болот.

12) Окуучулардын ар бирине жекече мамиле жасаңыз. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгына карай турган болсок, ар бир окуучуга жеке мамиледе болгон мугалимдер сабак учурунда күтүүсүз ыңгайсыздыктардан оолак болушары аныкталган.

13) Көйгөйдү же проблеманы баштоочу окуучу ким экендигин биле албаган учурларда жалпы класска жаза берүү жолуна кирбеңиз. Бул жолду тандоонуз окуучулар тарабынан сизди жек көрүүлөрүнө, кек сактоолоруна жана ачуулануу сезимдеринин ойгонушуна алып келет.

14) Окуучулардын ата- энеси менен тыгыз байланышта болуңуз. Бул абал окуучулардын сизге жана сабагыңызга өтө кылдаттык менен мамиле жасоосуна себепчи болот.

15) Кээде ачууга алдырып, чектен ашкан сөздөрдү колдонгонуңузда, тартынбай артка кадам таштап, убактысы келгенде кечирим суроону да билиңиз.

## САБАКТЫ ЖЕТКИЛИКТҮҮ ТҮШҮНДҮҮ

*Ийгиликтин биринчи шарты - алектенген тармак жөнүндө толук маалыматка ээ болуу.*
*Benyamın Dısraelı*

**Сабагыңызды окуучуга жеткиликтүү деңгээлде түшүндүрүү үчүн төмөндөгү беш принципти эске алыңыз:**

1. Сабакка ар тараптан алдын ала даярданыңыз;
2. Окутуу жана үйрөтүү ыкмаларын өздөштүрүңүз;
3. Сабакка окуучулардын кызыгуусун жаратыңыз;
4. Материалдык-техникалык каражаттарды үзүрлүү колдонуңуз;
5. Сабак учурунда окуучулардын жекече сыпаттарын эске алыңыз.

## САБАККА ДАЯР БОЛУҢУЗ

*Мугалим эң алгач ыймандуу, адептүү, андан соң жөндөмдүү, андан соң адилеттүү болуш керек.*
*Мехмет Акиф Эрсой*

Мугалим эч качан окуучулардын алдына даярдыксыз чыкпашы керек. Үйрөнүп билген маалыматтарын топтоштуруп, катарга коюп түшүндүрө турчу теманы бир планга салып, андан соң сабакка кирүүсү керек. Мугалим бардык нерсени билген адам эмес. Ошондуктан күнүмдүк иштерди мурунтан пландоо керек. Ишин пландай албаган мугалимдин окуучуга бере турган нерсеси дайыма чектелүү болот.

Предметин мыкты өздөштүргөн, сабагын жеткиликтүү деңгээлде билген мугалимдин классты башкаруусу да жеңилдейт. Мугалим сабакты катасыз түшүндүрүү үчүн түшүндүрө турган тема жөнүндө терең маалыматка ээ болушу зарыл. Себеби үйрөтүш үчүн алгач үйрөнүш керек. Мугалим өзү билсе гана үйрөтө алат. Ийгиликтин сыры бардык нерсени толук билүү, кесибинде жөндөмдүү жана өз жаатында уста болуу менен бирге өзүнө ишене билүүсүндө. Сабагын билген мугалим өзүнө ишенет. Өзүнө ишенген адам ишеничтүү кадам таштай алат жана ийгиликти да багынта алат. Билген адам бардык жумушту кандай жана канчалык деңгээлде аткарылышы керектигин билет жана дал ошондой аткарууга аракет жасайт. Бирок билиш үчүн мугалим канчалык көп маалыматка ээ болсо дагы сабакка чейин даярданусу зарыл.

Мехмет Акиф Эрсой мугалим болуунун шарттарын ыйман, адеп, жөндөмдүүлүк жана адилеттүүлүк экенин ыр саптарында ирээти менен айтат. Жөндөмдүүлүк мугалимдикте усталык сыяктуу сапаттардын зарыл экендиги менен бирге мугалимдин жеке инсандык сапаттарынын ыйман, адеп жана башка сапаттары да эң жогорку өлчөмдө болуш керектигин баяндаган. Бул эки фактор мугалимдин кош канаты сыяктуу жана эч бири бири-биринин ордун толуктай да, алмаштыра да албайт. Мына ошондуктан окуучулар өз кесибин сүйгөн, сабагын мыкты билген, өз тармагында абройго ээ болгон мугалимдерди жакшы көрүшөт жана аларга дагы да көбүрөөк сый-урмат көрсөтөт. Сабагын мыкты өздөштүргөн темаларды түшүнүктүү деңгээлде түшүндүрө алган мугалим, окуучулардын арасында жакшы кадыр-баркка ээ болушат. Бирок мугалим өзүнүн жаатында жеткиликтүү билимге же маалыматка ээ болбосо, сабагын пайдалуу бир деңгээлде түшүндүрө албаса окуучулар муну дароо эле байкайт жана сабакка кирүүнү каалабай, зордоп сабакка катыштырса дагы сабакты кулагынын сыртынан өткөрөт. Дал ушундай мугалимдин окуучуга таасири жок болот. Убакыттын өтүшү менен бул кементени андап түшүнгөн мугалим өзүнүн алсыз тарабын жаап-жашырыш үчүн окуучуларды коркутуу же аларга орой мамиле жасоого өтөт. Бирок, мындай аракети менен окуучуну өзүнөн биротоло алыстатып алат. Тилекке каршы, окуучуларды басынткан сайын же болбосо окуучуларга эч кандай мүмкүнчүлүк бербеген сайын мугалимдин окуучулардын астында абройу төмөндөй баштайт. Мугалимдин сабакты жакшы түшүндүрбөгөнү, сабакка болгон жөндөмдүүлүгүнүн жетишсиздиги анын абройун мына ушинтип төмөндөтөт. Натыйжада, классты туура башкара албай, пикир келишпестиктер көбөйөт. Бул тууралуу И.Кант оз учурунда мындай деп айткан: “Окуучулардын сый-урмат көрсөтүшүнүн негизги себеби мугалимдин көп маалыматка ээ болушу жана ар түрдүү маданият жөнүндө кабардар болушу”.

## ОКУТУУ ЫКМАЛАРЫН БИЛҮҮ ЗАРЫЛ

Эгер мугалим сабак өтүүдө колдонгон ыкма менен техникалар окуучуларга таасирсиз жана пайдасыз болсо, анда ал мугалим билим берүүдө ийгилик жарата албайт. Убакыт өткөн сайын мугалим өзүнүн окутуу методдорунун ийгиликсиз болуп жаткандыгын окуучулардын күнөөсү катары кабыл алуусу мүмкүн. Жакшы жыйынтык ала албаган мугалим күнөөнү окуучуларга коюп, алардын сабак окубагандыгына шылтоо кылышы мүмкүн.

Кээде мугалим окуучуларды окутууда керексиз коркутуп-үркүтүүлөрдү көрсөтүп, баа менен коркутуп баштайт. Окуучулар аябай ээндүү байкоочулардан болот. Мугалимдин жөндөмсүздүгүн, окуу методунун жоктугун же жетишсиздигин дароо эле байкашат жана ошого жараша мугалимге баа берип, мамиле жасай башташат. Өзүнүн кесибин мыкты билбеген мугалимдин классты башкаруусу жана дисциплинаны көзөмөлгө алуусу өтө кыйын. Дисциплинаны бузуу ар түрдүү жат окуялар дал ушундай мугалимдердин классынан көрүүгө болот. Мындай абалга түшпөш үчүн мугалим кайсы окутуу ыкмасын, кантип жана кай жерде колдонуу керектигин билүүсү зарыл. Мисал үчүн, кайсы теманы түшүндүрүү керек, кайсы теманы суроо жооп ирээтинде түшүндүрүү керек, кайсы теманы илимий тажрыйба жасоо же, байкоо ыкмаларын колдонуу менен жүргүзүү максаттуу. Буларды мугалим туура тандай билүүсү зарыл. Окутуу жана тарбиялоо методдорун туура колдоно алган, класстын ичинде сый-урмат менен бирге демократиялык мамилелерди жасай алган, окуучулардын ынтымакта болушуна шарт түзгөн мугалимдин классында эч качан дисциплина көйгөйү жаралбайт.

"Мугалимдерге кеңеш" китебинен алынды. Редактору: Т.Алдакулов